2014-жыл, чын куран № 2 mineconom.kg

МААЛЫМАТТЫК БЮЛЛЕТЕНЬ

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги

USAID РЕФОРМА долбоорунун техникалык колдоосу менен чыгып жатат

# Кыргыз Республикасынын Экономика министри Темир Сариевдин кайрылуусу



Урматтуу окурмандар!

Мен сиздер менен экономика министрлигинин маалыматтык бюллетенинин экинчи чыгарылышынын барагында саламдашып жатканыма кубанычтамын. Биздин биринчи чыгарылыш экономиканын туруктуу өсүшүн камсыз кылуу боюнча министрликтин ишинин жалпы багыттары менен коомчулукту тааныштырууга арналды. Чыгарылыш ар кандай даражадагы жакшы жана туура критика менен коштолгон көптөгөн комментарийлер менен тосуп алынды, бул биз үчүн коммуникациянын туура форматын тандап алгандыгыбызды билдирет.

Бүгүнкү чыгарылыш тике чет өлкөлүк инвестицияларга арналды. Тике чет өлкөлүк инвестициялар – бул инвестициянын уникалдуу түрү, ал жаңы технологиялык чечимдердин келишине, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга жана экспорттун мүмкүнчүлүгүнүн өсүшүнө түрткү берет.

Республиканын экономикасына тике чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экономикалык саясатынын приоритеттүү багыттарынын бири болуп саналат. Инвестициялык саясат жүргүзүү боюнча ыйгарым укуктуу орган катары, министрлик тарабынан укуктук чөйрөнү жана бизнес жүргүзүү шарттарын жакшыртуу боюнча чаралар көрүлүп жатат.

Ошентип мамлекетибизде эң либералдуу салык режими түзүлгөн. Пайда салыгынын, киреше салыгынын жана КНСтин чендери Казакстандагы, Тажикстандагы, Өзбекстандагы жана Кытайдагы бирдей чендеринен бир топ айырмаланат.

Биз мамлекеттик жеке өнөктөштүк жөнүндө мыйзам кабыл алдык, ал чоң социалдык мааниси бар ири долбоорлорго жеке инвестицияларды тартууга чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Мамлекеттик жеке өнөктөштүк механизмдери ири долбоорлорду каржылоодо жана мамлекет менен ишкерлердин натыйжалуу кызматташтыгы үчүн ыңгайлуу чечим катары өзүн көрсөтө алды.

Кыргыз Республикасынын «Инвестиция жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилип жатат, анын максаты болуп инвесторлорду КРнын мыйзамдарынын өзгөрүүсү менен байланышкан тобокелдерден коргоо саналат. Инвесторлорго туруктуу иштөө шарттарын түзүп берүү үчүн «турукташтыруу режими» дүйнөлүк тажрыйбада кеңири колдонулуп жатат.

Лицензиялоого жаңы ыкмаларды киргизүүнүн эсебинен, лицензияланган иштин түрлөрүнүн саны 236дан 101ге чейин эки эсе кыскарган. Ишкерлерге пайдалуу болгон «унчукпагандык-макулдуктун белгиси» ченеми киргизилди, ал арыздарды кароо жана лицензия берүү мөөнөтү менен байланышкан лицензиялоо жол-жобосун аткарууда лицензиялар-мамлекеттик органдардын иш-аракеттерин регламентациялоого багытталган.

Инвестицияларды тартуу – инвесторлор менен түз иш жүргүзүүнү жана өлкөнүн инвестициялык артыкчылыгын илгертүүнү божомолдойт. Мамлекеттин экономикасына инвестицияларды тартуу жана чет элдик инвестициялардын келишин активдештирүү боюнча даректүү иштер үчүн инвестицияларды алга жылдыруу агентствосу түзүлдү.

ТЧИ өзүнүн мүнөзү боюнча мамлекетке жеке капиталдын кириши жана ошондой эле башка эл аралык каржылоо түрлөрүнөн айырмаланып реципиент-мамлекетинин кошумча кепилдиги жок эле ашырылат.

2013-жылдын жыйынтыгы боюнча КРна ТЧИнин келиши 1 млрд АКШ доллар чегине максималдуу жакындады. Улуттук статистика комитетинин алдын ала берген маалыматы боюнча ТЧИнин келиши 993 млн АКШ долл. түздү.

# Кыргыз Республикасындагы тике инвестициялар. Тенденциялар жана перспективалар

## 1. 2007–2013-ж. ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫН КЕЛИШИ

Акыркы кырк жылдын ичинде өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттер өз өлкөлөрүн инвестициялык объект катары активдүү алдыга жылдырып, инвестицияларды тартууда бири-бири менен атаандашып келе жатат. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө жагымдуу инвестициялык климат түзүү кыйыныраак болот, анткени алар бир нече себептер менен байланыштуу, алар: рыноктун өнүкпөгөндүгү, сапаттуу инфраструктуранын жокутугу, жогорку деңгээлдеги коррупция, саясатта стабилдүүлүктүн жоктугу, жеке менчикти коргоо деңгээлинин төмөндүгү, сот системасындагы кемчиликтер.

**1-сүрөт. 2007–2013-ж. ичинде Кыргыз Республикасына тике инвестициялардын келиши** (миллион АКШ доллары)**. Тике инвестициялардын (ТИ) ички дүң продуктуга (ИДП) болгон катнашы, 2007–2013-ж.** (пайыз менен)




Улуттук статистика комитетинин, УБКРдин, КРЭМдин маалыматтары

**2-сүрөт. 2007–2013-ж. экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча тике инвестициялардын келүү структурасы**




Улуттук статистика комитетинин маалыматы

2009-жылдан баштап чет өлкөлөрдөн келген тике инвестициялардын көлөмүнүн өсүшүнө карабастан, мамлекеттин ИДПсына болгон тике инвестициялардын катнашынын көрсөткүчтөрү төмөндөгөнү байкалууда. Эгерде бул көрсөткүч 2009-жылы 14,1% түзсө, 2012-жылы 8,9% гана түзүп, инвестициялардын өсүү темпи экономиканын өсүү темпинен алда канча артта калып жатканын далилдеп турат.

Мисалы 2012-жылы ТИнин ИДПга болгон катнашынын көрсөткүчү Сингапурда 20,6% түзүп, ал эми Гонконгдо 28,3% түзгөн. Бул аймактарда көрсөткүчтүн максималдуу деңгээли Гонконгдо 36,6% түзүп (2000-ж.), Сингапурда 21% түзгөн (2007-ж.)[1].

### 1.1. 2007–2013-ж. ичинде экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча чет өлкөлүк тике инвестициялардын келиши

ТИни экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча талдоо көрсөтүп тургандай 2007-жылдан 2013-жылга чейин кайра иштетүүчү өнөр жай, кыймылсыз мүлк менен болгон операциялар, ижарага берүү жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүүлөр орто эсеп менен бардык келүүлөрдүн 65% түздү.

2007–2013-ж. ичинде иштеп чыгаруучу өнөр жайдын орточо үлүшү 38,2% түздү, бул «Кумтөр» компаниясынын ишине чоң үлүш салгандыгы менен түшүндүрүлөт.

«Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба» категориялары менен бириккен ишмердүүлүктүн түрлөрүнө 2007-жылдан 2013-жылга чейин бардык инвестициялардан орточо 0,2% түшкөн.

Ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча тике инвестициялардын келишин талдоо жүргүзүүдө, салымдарды тез кайтарып алууну болжолдогон ишмердүүлүктүн түрлөрүнө болгон салымдар үчүн «популярдуулары» белгилөө көйгөйлөрүн ачып көрсөттү. Мисалы 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүү 42% инвестицияланды, ал эми «Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба» категориясына бириккен ишмердүүлүктүн түрлөрү 0,004% гана инвестицияланды. Ал эми айыл чарба кыргыз экономикасында маанилүү тармак болуп саналат жана анда мамлекеттин элинин үчтөн бири эмгектенет.

---
1 Дүйнөлүк Банктын маалыматы боюнча http://data.worldbank.org/indicator/BX.KLT.DINV.WD.GD.ZS

Тике инвестициялар абсолюттук өлчөмдө туруктуу жогорулап жатканда Кыргыз Республикасынын алдында «сапаттуу» инвестицияларды тартуу маселеси турат. «Сапаттуу» нивестициялардын колдонулушу жаңы технологиялык чечимдердин келуусун, ресурстарды колдонуудагы эффективдуулукту жогорулатууну жана туташ тармактарга демилге болуп, өнүгүүгө кошумча импульсту камсыздайт.

**3-сүрөт. 2013-ж. экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча тике инвестициялардын келүү структурасы** (пайыз менен)



| | |
|---|---|
| **40,94%** | Кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана керектөөчүлөргө тейлөөлөрдү көрсөтүү |
| **35,22%** | Иштетүүчү өнөр жайы |
| **9,54%** | Финансы ишмердиги |
| **6,99%** | Соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо |
| **2,69%** | Тоо кен казуу өнөр жайы |
| **1,63%** | Электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү |
| **1,30%** | Транспорт жана байланыш |
| **1,08%** | Курулуш |
| **0,50%** | Билим берүү |
| **0,05%** | Коммуналдык, социалдык жана жеке тейлөөлөрдү көрсөтүү |

Улуттук статистика комитетинин маалыматы

## 1.2. 2007–2013-ж. ичинде аймактар боюнча тике инвестициялардын келиши

Аймактар боюнча тике инвестициялардын келүү структурасы мамлекеттин аймактарынын бирдей эмес өнүгүп жаткандыгын көрсөтөт. 2007-жылдан баштап 2013-жылга чейин инвестициялардын жалпы көлөмүнөн Бишкек шаарына келген инвестициялардын үлүшү эң чоң болуп орто эсеп менен 45,6%, Ысык-Көл облусунда – 21,2%, Чүй облусунда – 14,1% түзгөн. Эң аз көлөмдө инвестициялардын түшүүсү Баткен, Нарын жана Ош шаарында байкалууда.

Чет өлкөлүк ТИ структурасында салымдардын көбүнчөсү өлкөнүн түндүк аймактарына келип, негизинен Бишкек шаарында жана Чүй облусунда топтолгон. Аймактардын бирдей эмес өнүгүүсү ички жана тышкы миграция процесстеринин күчөөсүн кошкондо, ар кандай социалдык-экономикалык мүнөздөгү көрүнүштөргө алып келүүдө.

## 1.3. 2007–2013-ж. чет өлкөлүк тике инвестициялардын инвестиция булактары боюнча келиши

2007-жылдан 2013-жылга чейин КМШ өлкөлөрүнөн башка чет өлкөлөрдөн инвестициялардын келишинин өсүү тенденциясы байкалууда. Эгерде 2007-жылдан 2009-жылга чейин КМШ өлкөлөрүнөн башка чет өлкөлөрдөн келген инвестициялар орто эсеп менен 56,2% түзсө, 2011-жылы 94,92% чейин жетип, 2010-жылдан 2013-жылга чейин бул көрсөткүч 87,8% чейин жеткен.

**4-сүрөт. 2007–2013-ж. Кыргыз Республикасына аймактар боюнча тике инвестициялардын келүү структурасы**




Ош шаары
Бишкек шаары

Чүй облусу
Ысык-Көл облусу
Жалал-Абад облусу
Ош облусу
Талас облусу
Баткен облусу
Нарын облусу

Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча

**5-сүрөт. 2013-жылы тике инвестициялардын келүү структурасында мамлекеттердин үлүшү**




**6-сүрөт. 2004–2014-ж. глобалдык ТИнин келиши жана 2013–2015-ж. болжол менен**




Кытай Эл Республикасынан (КЭР) келген инвестициялардын көлөмү жылдан жылга ырааттуу туруктуу түрдө жогорулашы байкалууда. Эгерде 2007-жылы КЭРден түшкөн тике инвестициялардын үлүшү 6,6% гана түзсө, 2013-жылы бул көрсөткүч 45% түзгөн.

2013-жылдын жыйынтыгы боюнча 10 ири өлкөнүн инвесторлору бардык инвестициялардын 92% түзгөн. Кытайдан жана Канададан түшкөн инвестициялардын көлөмү 61% түздү. Ал эми Россия Федерациясынан келген тике инвестициялар 70 млн АКШ долларынын тегерегинде болуп, жалпы инвестициялардын көлөмүнөн 7% гана түзгөн.

Азыркы убакта инвестиция булактары боюнча тике инвестициялардын келишинин структурасы инвестиция агымынын начар диверсификациялангандыгын көрсөтөт. Ошону менен бирге Кыргыз Республикасы башка реципиент – мамлекеттердин жеңил коркунучтарына ортоктош, анткени ал Кытайдын тике инвестицияларын көбөйтүү боюнча активдүү саясаты менен байланыштуу. Колумбия университетинин изилдөөлөрү[2] боюнча, Кытайдын тике инвестицияларынын үчтөн бир бөлүгү мамлекеттик ишканалар менен көзөмөлдөнүп турат жана КЭРдин социалдык-экономикалык, саясий же башка шарттарынын өзгөрүшү, инвестиция алган мамлекеттерге таасирин тийгизиши мүмкүн.

## 2. ТИКЕ ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫН ПЕРСПЕКТИВАЛАРЫ

### 2.1. Глобалдык тренддер

2013-жылдын Бириккен Улуттар Уюмунун соода жана инвестициялар конференциясынын (ЮНКТАД) отчётуна ылайык, глобалдык тике тышкы инвестициялардын (ТТИ) көлөмүн жандандырууну жана кризиске чейинки деңгээлге алып келүү мөөнөтү чынында көпкө созулат, ал глобалдык экономикалык туруксуздуктун жана саясаттын ачык эместиги менен негизделет. ЮНКТАДдын болжолуна ылайык инвесторлордун оптимизмин жана ишенимин калыбына келтирүү менен, дүйнөлүк тике инвестициялар 2014-жылда 1,6 трлн долларга жана 2015-жылда 1,8 трлн долларга чейин жетээри күтүлүүдө[3].

2012-жылдын жыйынтыгы боюнча тике инвестициялардын келиши өнүккөн өлкөлөргө караганда өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө бир топ туруктуу болуп, 703 млрд АКШ долларын түздү. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө инвестициялардын келиши 52% рекорддук глобалдык ТИни түзүп, өнүккөн өлкөлөргө келген ТИден 142 млрд долларга ашып кетти.

2 Karl P. Sauvant, ‘Three challenges for China’s outward FDI policy,’ Columbia FDI Perspectives, No. 106, October 14, 2013

3 UNCTAD / World Investment Report 2013

**7-сүрөт. Бажы биримдигинин мүчө мамлекеттеринин картасы**



Өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө келген ТИнин өсүү тенденциясы сакталат деп болжолдонууда. Ошол эле учурда дүйнө жүзүндө ТИ боюнча пайданын нормасы 7% түзгөнү бир кыйла маанилүү ролду ойнойт, анын ичинде өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө 8%, өткөөл экономикадагы өлкөлөрдө 13% жана өнүккөн өлкөлөрдө 5% түздү.

## 2.2. Бажы биримдиги жана Кыргыз Республикасынын атаандаштык артыкчылыгы

Кыргыз Республикасынын Бажы бириммдигине (ББ) жана Бирдиктүү экономикалык мейкиндике (БЭМ) кирүүнүн максаты болуп элдин жашоо турмушунун деңгээлин жогорулатуу, орто жана узак мөөнөткө туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу саналат.

ББ жана БЭМ алкагында терең аймактык интеграция сыйымдуу рыноктор, тике чет өлкөлүк инвестициялардын өсүшү, заманбап технологияларды киргизүү жана атаандаштыкты жалпы көбөйтүү менен байланышкан олуттуу пайдаларды берүүсү жана экономиканы модернизациялоону, анын андан ары өсүшүн камсыз кылууга мүмкүндүк берүүсү күтүлөт.

Кыргыз Республикасынын ББга кирүүсүнүн болжолдуу натыйжасын талдоо үчүн негиздер окшош аймактык интеграциялык келишимге камтылган. Мындай келишимдерге Европа бириммдиги, Түндүк Америка эркин соода келишими (НАФТА), Түштүк Америка жалпы рыногу (МЕРКОСУР), Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринин ассоциясы (АСЕАН) жана башкалар кирет.

Ар башка изилдөөчү уюмдар тарабынан тике тышкы инвестицияларды локализациялоодо чечүүчү факторлордун башталышына ар кандай себептер коюлат. Төмөндө Соода жана инвестиция боюнча конференциянын (ЮНКТАД) ыкмаларынын негизинде Кыргыз Республикасынын тике инвестицияларын тартууда артыкчылыктар белгиленген. 1998-жылдын Бириккен Улуттар Уюмунун Соода жана инвестиция конференциясынын (ЮНКТАД) отчётунда көрсөтүлгөндөй, инвестициялоо боюнча чечимди кабыл алуу үч негизги экономикалык детерминанттын негизинде белгиленет, алар:

- рынокторду издөө;
- активдерди издөө;
- эффективдүүлүктү издөө.

### Рынокторду издөө

Кыргызстанга чет өлкөлүк тике инвестициялардын келишине тоскоол болгон объективдүү факторлорунун бири болуп керектөөчү рыноктун кичине көлөмүнүн жыйындысы менен сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн төмөн деңгээли эсептелет.

Бажы бириммдигине кошулуу потенциалдык инвесторлор үчүн Кыргызстандагы 175 млн адам калкы менен абдан чоң рынок ачылат.

### Активдерди издөө

Бул мотив инвестирлөө үчүн ресурска багытталган инвестицияларды сүрөттөйт. Ресурстарга – минералдык сырьего, айыл-чарба продукциясына болгон глобалдык суроо талаптар чектелген сунуш болсо да, өсүү тенденциясын сактайт. Кыргыз Республикасындагы пайдалуу кендер, сапаттуу айыл чарба продукциясын өндүрүүгө болгон чоң мүмкүнчүлүктөр, орто жана узак мөөнөткө чет өлкөлүк тике инвестициялардын келишине түрткү берет.

Кыргызстанда 25 түрдөн ашуун пайдалуу кендер чыккан жерлер бар (кара, түстүү, кымбат металлдар, мунай зат, газ жана башкалар). Металл кендердин негизги түрлөрү: темир, марганец, ванадий, алюминий, вольфрам, сымап, сурьма, бериллий, висмут, тантал, ниобий, калай, алтын, күмүш, темир, ванадий, алюминий, жез, молибден, берилий өндүрүүнү уюштурганга мүнкүнчүлүгү бар. Танталониобиттер, кобальт, цирконий, литий, түстүү таштардын өнөр жайга мааниси зор. Республиканын территориясында зергердик таштар чыккан 118 жер катталган. Кыргызстандын аймагында 70 көмүр чыккан жерлер белгилүү.

Республика гидроресурстар боюнча КМШ өлкөлөрүнүн арасында Россия жана Тажикстандан кийин 3-орунду ээлейт. 143 млрд кВт.с/жылга түзгөн баалуу гидроэнергетикалык потенциалды өздөштүрүү республиканын энергетикасынын өнүгүү стратегиясынын негизи болуп саналат. Нарын дарыясында



*Министрдин орун басары С. Т. Муканбетов баш болуп Инвестиция башкармалыгы*

**8-сүрөт. Өндүрүү максатында керектөөчүлөр үчүн электр энергиянын баасы** (АКШ центинде)




International Energy Agency (IEA), 2013. Energy Prices and Statistics:

жана анын кошулмаларында эле жылына 30 млрд кВт.с электр энергия иштеп чыгара турган 22 гидроэлектрстанция курса болот.

### Эффективдүүлүктү издөө

Кийинки чет өлкөлүк инвестициянын себеби берилген инвестициянын өлчөмү үчүн көбүрөөк эффективдүүлүктү издөө болуп саналат. Ошентип, чет өлкөлүк инвесторлор өндүрүш факторлорун арзандатууга, салык салуу процесстерди оптималдаштырууга жана пайда нормасын жогорулатууга аракет жасайт.

Ушундай категориядагы инвестицияларды тартуу өлкөлөрдүн улуттук экономикасы үчүн башкарууга мүмкүн болгон процесс болуп саналат. Бизнес чөйрөнү жакшыртууга багытталган ырааттуу инвестициялык саясат, Кыргыз Республикасынын атаандаштык артыкчылыгын аныктоого мүмкүндүк берет. Ошону менен бирге, чет өлкөлүк инвесторлорго ББ рыногуна чыгыш үчүн Кыргыз Республикасын инвестирлөө жакшы натыйжа бере турган шарт түзүп берүү зарыл.

Кыргыз Республикасы электр энергиянын баасынын төмөндүгү, салыктардын ставкасынын төмөндүгү жана жумушчу күчтөрдүн баасынын төмөндүгү сыяктуу артыкчылыктарына ээ болуп туруп, Бажы биримдигиндеги башка мамлекеттерде жайгашкан инвестициялардын биз тарапка жылышына түрткү бериши мүмкүн. Атаандаштыктын пайдалуу артыкчылыктарын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жана өндүрүш факторлордун баасынын төмөндүгү тигүү өнөр жай продукциясынын экспортунун өсүп көбөйүшүн далилдейт.

### 3. КӨЙГӨЙЛӨР

Мамлекеттин инвестициялык климатынын негизги түзүүчүсү болуп саясаттын туруктуулугу жана сапаттуу көз карандысыз сот жүргүзүү тажрыйбасы эсептелет. Бирок Кыргыз Республикасында санкцияланбаган чыгыштардын формалары дагы да болсо

**9-сүрөт. Centerra Gold компаниясынын акциясынын наркы жана Кыргыз Республикасынын акция пакетинин наркы**




Торонто фонду биржасынын маалыматы боюнча
http://web.tmxmoney.com/quote.php?qm_symbol=CG

кеңири колдонулат. ИИМ маалыматтарына ылайык өлкөнүн аймактарында 2013-жылдын 8-айында 888 митинг, пикет жана башка каршы акциялар өткөн. Анын ичинде – 591 митинг, 246 пикет, 17 элдин жүрүшү, 12 демонстрация жана 22 жолу жолдорду тосуу.

Глобализация процессине анын ичинде капитал рыногуна байланыштуу ички саясаттын толкундоолорунун натыйжасы мамлекеттин имиджине терс таасирин тийгизип, Кыргызстан менен байланышкан бардык капиталдык салымдарга коркунуч деңгээлин жогорулатууга алып келет. Мисалга алсак, Кыргызстандагы саясат тегерегиндеги кайсы гана болбосун окуя, эффективдүү рыноктордун теориясын аныктап, Торонто фондулук биржасында сатылуучу Центерра Голд компаниясынын акциясынын баасында чагылдырылат. 2012-жылдын башына салыштырмалуу акциянын баасы 6,4 эсе түшүп, Центерра Голд компаниясындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн портфелинин баасы 1,3 млрд АКШ долларга арзандады. (9 -сүрөт).

Мамлекеттик геология агенттигинин маалыматы боюнча жергиликтүү калк 27 кен чыккан жерди иштетүүгө каршы чыгып жатышат, анын ичинде 24 алтын кен чыгат.

### 4. ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫ ТАРТУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР

Капитал тартуу, жаңы жумуш орундарды түзүү жана дүйнөлүк экономикалык системага экономиканы интеграциялоо Өкмөттүн тике инвестицияларды тартуу максаты болуп саналат жана инвестициялык климатты мындан ары жакшыртууга төмөнкү чараларды ишке ашырууну сунуштайт.

#### 1. Инвестицияларды алга жылдыруу агенттигин түзүү

Инвестицияларды алга жылдыруу агенттигин түзүү бул конкреттүү даректүү инвесторлор менен ишин активдештирүүгө жана Кыргыз Республикасынын экономикасына инвестициялардын келишин көбөйтүүгө маанилүү чара болот, анын негизги максаты болуп приоритеттүү тармактардагы потенциялдык инвестициялык долбоорлорду коштоп жүрүү жана аны менен бирге конкреттүү долбоорлор боюнча башка өкмөттүк органдар менен бирге натыйжалуу кызматташуу жолу аркылуу инвестициянын жолундагы тоскоолдуктарды табуу жана чечтетүү саналат.

Ошону менен бирге агенттиктин ишинин негизги багыттары болуп:

- потенциалдык инвесторлорго кызмат көрсөтүү, сервистик компаниялардын базалык

маалыматтарын алууга, инвестициялык сунуштарга, ресурстарга, жер тилкелеринин картасын алууга жана башка керектүү маалымат булактарын алууга мүмкүндүк берүү;
- инвестициялоо үчүн жагымдуу адресат сыяктуу өлкөнү түзүү жана алга жылдыруу;
- инвестициялык долбоорлорду жана мамлекеттик жеке өнөктөштүк долбоорлорду кошуп иштеп чыгуу жана алга жылдыруу.

### 2. Бизнес омбудсмен институтун түзүү

Ишкерлердин укугун коргоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүл – бул жергиликтүү облустук администрацияга караштуу атайын адис, ал бизнеске колдоо көрсөтүп, ишкерлердин жер жерлердеги коррупция, рейдерлик, монополизм сыяктуу көйгөйлөрдү чечет. Бизнес омбудсмен аткаруу бийлигинин органдары менен жеке ишкерлердин кызыкчылыктарын жана укуктарын сактоону көзөмөлдөйт, жеке ишкердик коом менен өз ара тыгыз байланышып, бизнести өнүктүрүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүүгө катышат ж. б.

### 3. Медиация институтун популярдаштыруу

Дүйнөлүк тажрыйбада талаш тартыштарды бейтарап, адилеттүү альтернативдүү түрдө жөнгө салуу боюнча жактар же кызмат көрсөтүүчү компаниялар – медиаторлордун институту кеңири колдонулат. Институттун өнүгүүсү жана анын популярдуулугу талаш-тартыштарды соттошууга чейин сапаттуу жөнгө салууга жана чуу көтөргөн эл аралык териштирүү коркунучун төмөндөтүүгө шарт түзүп берет.

### 4. Жергиликтүү администрация башчыларынын ролун жогорулатуу

Жергиликтүү администрация башчылары жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары өнүгүүдө негативдик тенденциялардын байкалуусуна толук персоналдык жоопкерчилик алыш керек.

Көпчүлүк учурда профилактикалык чаралардын жоктугу, кээде жергиликтүү бийлик органдардын кылмышка жол берүүсү ар кандай локалдык кагылышууларды жаратууда. Жергиликтүү бийлик башчылары үчүн жаңы жумушчу орундардын саны, келген инвестициялардын көлөмү, тышкы жана ички миграциянын деңгээлин төмөндөтүү жана башка реалдуу индикаторлор сыяктуу өнүгүүнүн так көрсөткүчтөрү белгилениши зарыл.

Ошентип жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын калктын жашоосун жакшыртуу боюнча конкреттүү, максаттуу көрсөткүчтөрү менен так планы болушу керек. Планды аткаруунун жыйынтыгы боюнча тиешелүү кадрдык чечим кабыл алууга тийиш болот.

Жоопкерчиликтин жогору болушу жана күчөтүлгөн талаптар жергиликтүү бийликтин органдарына чечкиндүү жана беделдүү аткаруучулардын келишине шарт түзөт.

### 5. Чет өлкөдөгү инвестициялык өкүлдөрдүн иши

Инвестициялык өкүлдөр мамлекетке жер жерлерге максаттуу компания өткөрүү үчүн инвестиция тартуу боюнча агенттердин ролун ойноп, максаттуу көрсөткүчтөргө ээ болушат.

### 6. Инвесторлор үчүн турукташтыруу режимин жайылтуу

Инвестициялык мыйзамдарды жакшыртуу боюнча ведомство аралык топтун ишинин алкагында министрлик тарабынан ЧУАны өзгөртүү долбоорлору иштелип чыкты, ал инвесторлорго өздөрүнүн ишин баштагандагы салык же бажы режимин тандап алууга укук берет. Бул укук инвестициянын көлөмү боюнча талаптарга жооп берген инвесторлорго 10 жылга чейин берилет.

Турукташтыруу режими белгилүү бир убакытта инвесторлор үчүн болжолдуу шарттарды камсыз кылуу жолу менен инвестиция чөйрөсүн жакшыртуу максатында эл аралык тажрыйбада кеңири колдонулат.




*Кыргыз-австрия бизнес-форуму*

**1-тиркеме**

**1-таблица. 2007–2013- ж. экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялардын келиши**

(миң АКШ доллары менен, үлүштөр пайыз менен)

| | 2007 | | 2008 | | 2009 | | 2010 | | 2011 | | 2012 | | 2013 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш |
| Бардыгы | 436.821,6 | 100,0 | 866.200,6 | 100,0 | 660.949,3 | 100,0 | 666.086,0 | 100,0 | 849.201,1 | 100,0 | 590.733,3 | 100,0 | 993.243,8 | 100,0 |
| Иштеп чыгаруучу өнөр жайы | 134.932,6 | 30,89 | 241.170,6 | 27,84 | 166.542,0 | 25,20 | 331.386,7 | 49,75 | 489.742,2 | 57,67 | 255.109,6 | 43,19 | 349.804,2 | 35,22 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар, ижара жана керектөөчүлөргө кызмат көрсөтүү | 60.115,9 | 13,76 | 146.708,2 | 16,94 | 148.003,4 | 22,39 | 218.933,4 | 32,87 | 170.036,5 | 20,02 | 216.361,8 | 36,63 | 406.643,9 | 40,94 |
| Финансы ишмердүүлүгү | 113.105,3 | 25,89 | 344.690,6 | 39,79 | 236.575,8 | 35,79 | 34.882,2 | 5,24 | 48.145,0 | 5,67 | 42.350,8 | 7,17 | 94.702,5 | 9,53 |
| Соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдоно турган буюмдарды оңдоо | 39.794,6 | 9,11 | 56.200,3 | 6,49 | 52.960,3 | 8,01 | 53.484,3 | 8,03 | 64.791,8 | 7,63 | 32.775,9 | 5,55 | 69.423,0 | 6,99 |
| Тоо кен казуу өнөр жайы | 54.636,6 | 12,51 | 7.500,0 | 0,87 | 6.375,7 | 0,96 | 1.028,4 | 0,15 | 27.544,9 | 3,24 | 27.828,6 | 4,71 | 26.752,4 | 2,69 |
| Транспорт жана байланыш | 13.486,4 | 3,09 | 17.576,1 | 2,03 | 22.355,9 | 3,38 | 13.091,7 | 1,97 | 39.769,0 | 4,68 | 9.207,8 | 1,56 | 12.956,9 | 1,30 |
| Курулуш | 12.539,0 | 2,87 | 48.949,5 | 5,65 | 21.396,9 | 3,24 | 5.068,1 | 0,76 | 5.100,5 | 0,60 | 3.119,5 | 0,53 | 10.768,2 | 1,08 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарбасы | 4.268,1 | 0,98 | 583,6 | 0,07 | 17,6 | 0,00 | 2,7 | 0,00 | 3,5 | 0,00 | 2.045,7 | 0,35 | 47,1 | 0,00 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 2.687,7 | 0,62 | 2.386,7 | 0,28 | 4.782,8 | 0,72 | 8.158,1 | 1,22 | 4.010,7 | 0,47 | 1.609,8 | 0,27 | 466,3 | 0,05 |
| Коммуналдык, социалдык жана жеке кызмат көрсөтүү | 920,6 | 0,21 | 37,0 | 0,00 | 476,6 | 0,07 | 17,0 | 0,00 | 57,0 | 0,01 | 181,5 | 0,03 | 469,3 | 0,05 |
| Саламаттыкты сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүү | 0,6 | 0,00 | 397,7 | 0,05 | 395,3 | 0,06 | | | | | 127,2 | 0,02 | | |
| Электр энергиясын, газды, сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 24,3 | 0,01 | | | 927,7 | 0,14 | 20,5 | 0,00 | | | 15,1 | 0,00 | 16.200,5 | 1,63 |
| Билим берүү | 309,9 | 0,07 | 0,3 | 0,00 | 139,3 | 0,02 | 12,9 | 0,00 | | | | | 5.009,5 | 0,50 |

**2-таблица. 2007–2013-ж. Кыргыз Республикасынын аймактары боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялардын келиши**
(миң АКШ доллары менен, үлүштөр пайыз менен)

| | 2007 | | 2008 | | 2009 | | 2010 | | 2011 | | 2012 | | 2013 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш |
| Бардыгы | 436.821,6 | 100,0 | 866.200,6 | 100,0 | 660.949,3 | 100,0 | 666.086,0 | 100,0 | 849.201,1 | 100,0 | 590.733,3 | 100,0 | 993.243,8 | 100,0 |
| Бишкек шаары | 250.681,2 | 57,4 | 588.484,6 | 67,9 | 412.934,3 | 62,5 | 249.309,5 | 37,4 | 194.340,9 | 22,9 | 205.398,3 | 34,8 | 316.601,6 | 31,9 |
| Чүй облусу | 113.462,2 | 26,0 | 85.918,5 | 9,9 | 56.948,9 | 8,6 | 26.867,3 | 4,0 | 74.469,2 | 8,8 | 101.462,6 | 17,2 | 333.121,1 | 33,5 |
| Ысык- Көл облусу | 6.081,5 | 1,4 | 93.971,5 | 10,8 | 74.021,3 | 11,2 | 204.001,0 | 30,6 | 437.540,0 | 51,5 | 124.588,5 | 21,1 | 152.925,6 | 15,4 |
| Жалал-Абад облусу | 14.143,5 | 3,2 | 57.906,8 | 6,7 | 65.130,3 | 9,9 | 139.325,5 | 20,9 | 66.548,9 | 7,8 | 99.315,4 | 16,8 | 142.435,7 | 14,3 |
| Ош облусу | 6.101,7 | 1,4 | 734,7 | 0,1 | 29.461,0 | 4,5 | 4.930,4 | 0,7 | 13.168,0 | 1,6 | 11.487,9 | 1,9 | 19.754,3 | 2,0 |
| Талас облусу | 43.848,1 | 10,0 | 34.065,7 | 3,9 | 11.339,0 | 1,7 | 38.923,7 | 5,8 | 6.268,4 | 0,7 | 36.633,8 | 6,2 | 5.323,4 | 0,5 |
| Баткен облусу | | 0,0 | | 0,0 | 9.988,5 | 1,5 | 2.570,1 | 0,4 | 56.550,4 | 6,7 | 11.639,1 | 2,0 | 6.703,0 | 0,7 |
| Ош шаары | 1.114,0 | 0,3 | 4.001,8 | 0,5 | 691,2 | 0,1 | | 0,0 | 44,9 | 0,0 | 67,2 | 0,0 | 25,2 | 0,0 |
| Нарын облусу | 1.389,4 | 0,3 | 1.117,0 | 0,1 | 434,8 | 0,1 | 158,5 | 0,0 | 270,4 | 0,0 | 140,5 | 0,0 | 16.353,9 | 1,6 |

**3-таблица. 2007–2013-ж. ар кандай булактар боюнча чет өлкөлүк тике инвестициялардын келиши**
(миң АКШ доллары менен, үлүштөр пайыз менен)

| | 2007 | | 2008 | | 2009 | | 2010 | | 2011 | | 2012 | | 2013 | | 2007-2013 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш | Келиш | Үлүш |
| Бардыгы | 436.821,6 | | 866.200,6 | | 660.949,3 | | 666.086,0 | | 849.201,1 | | 590.733,3 | | 993.243,8 | | 5.063.235,7 | |
| КМШдан тышкары | 238.561,6 | 54,61 | 461.345,6 | 53,26 | 402.094,5 | 60,84 | 527.270,7 | 79,16 | 806.032,0 | 94,92 | 530.808,8 | 89,86 | 595.943,7 | 60,00 | 3.562.489,5 | 70,36 |
| Австралия | 5.524,3 | 1,26 | 18.119,5 | 2,09 | 23.492,0 | 3,55 | 18.801,2 | 2,82 | 10.639,9 | 1,25 | 8.046,5 | 1,36 | 8.889,3 | 0,89 | 93.525,0 | 1,85 |
| Австрия | 15.033,0 | 3,44 | 201,8 | 0,02 | 36,3 | 0,01 | | | | | | | | | 15.274,6 | 0,30 |
| Афганистан | | | 11.003,1 | 1,27 | 22,9 | 0,00 | 43,1 | 0,01 | 1,1 | 0,00 | 99,2 | 0,02 | 294,8 | 0,03 | 11.465,5 | 0,23 |
| Багама | | | | | | | | | 268,1 | 0,03 | | | | | 268,1 | 0,01 |

Уландысы кийинки бетте

| | 2007 | | 2008 | | 2009 | | 2010 | | 2011 | | 2012 | | 2013 | | 2007-2013 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Келиш** | **Улуш** | **Келиш** | **Улуш** | **Келиш** | **Улуш** | **Келиш** | **Улуш** | **Келиш** | **Улуш** | **Келиш** | **Улуш** | **Келиш** | **Улуш** | **Келиш** | **Улуш** |
| Бельгия | 30,9 | 0,01 | 108,1 | 0,01 | | | 6,7 | 0,00 | 6,7 | 0,00 | 19,9 | 0,00 | 2,0 | 0,00 | 174,3 | 0,00 |
| Боливия | 20,0 | 0,00 | 2,6 | 0,00 | | | 1,4 | 0,00 | | | | | | | 24,0 | 0,00 |
| Бразилия | 3,1 | 0,00 | 3,4 | 0,00 | | | | | | | | | | | 6,5 | 0,00 |
| Бириккен Падышалык | 60.095,1 | 13,76 | 73.927,8 | 8,53 | 110.555,2 | 16,73 | 73.725,3 | 11,07 | 51.362,1 | 6,05 | 70.653,1 | 11,96 | 81.662,7 | 8,22 | 522.049,4 | 10,31 |
| Венесуэла | | | | | | | | | | | 0,2 | 0,00 | | | 0,2 | 0,00 |
| Венгрия | 11.456,5 | 2,62 | 9.542,6 | 1,10 | | | | | | | | | | | 21.002,8 | 0,41 |
| Виргин аралдары, Британия | 295,9 | 0,07 | 2.234,3 | 0,26 | 12.180,6 | 1,84 | 2.349,1 | 0,35 | 2.942,2 | 0,35 | 11.040,5 | 1,87 | 4.455,4 | 0,45 | 35.502,7 | 0,70 |
| Германия | 28.634,7 | 6,56 | 47.792,9 | 5,52 | 8.432,6 | 1,28 | 11.957,8 | 1,80 | 42.732,7 | 5,03 | 32.642,9 | 5,53 | 6.416,6 | 0,65 | 178.635,9 | 3,53 |
| Гонконг | | | 1.564,6 | 0,18 | 1.540,5 | 0,23 | 3.673,0 | 0,55 | | | | | | | 6.779,1 | 0,13 |
| Гренада | | | | | | | | | | | 3,6 | 0,00 | | | 3,6 | 0,00 |
| Грузия | | | | | | | | | | | | | 0,1 | 0,00 | 0,1 | 0,00 |
| Египет | | | | | | | 46,1 | 0,01 | 91,5 | 0,01 | 58,2 | 0,01 | 38,0 | 0,00 | 233,8 | 0,00 |
| Доминика | 451,2 | 0,10 | 1.311,1 | 0,15 | 1.462,9 | 0,22 | | | | | | | | | 3.225,7 | 0,06 |
| Израиль | 910,9 | 0,21 | 0,1 | 0,00 | 2.226,6 | 0,34 | 130,1 | 0,02 | 503,2 | 0,06 | 155,0 | 0,03 | 218,4 | 0,02 | 4.145,0 | 0,08 |
| Индия | 1.507,5 | 0,35 | 4.679,3 | 0,54 | 505,0 | 0,08 | 12,9 | 0,00 | 1.587,2 | 0,19 | 1.238,4 | 0,21 | 2.576,9 | 0,26 | 12.108,6 | 0,24 |
| Индонезия | | | | | | | 1,1 | 0,00 | | | | | | | 1,1 | 0,00 |
| Иордания | 372,6 | 0,09 | 880,1 | 0,10 | | | | | 870,9 | 0,10 | 359,7 | 0,06 | 389,3 | 0,04 | 2.873,0 | 0,06 |
| Иран, Ислам Республикасы | 902,8 | 0,21 | 7.774,3 | 0,90 | 3.934,4 | 0,60 | 3.153,1 | 0,47 | 968,0 | 0,11 | 639,4 | 0,11 | 759,5 | 0,08 | 18.133,9 | 0,36 |
| Ирландия | | | | | | | 0,2 | 0,00 | | | 0,2 | 0,00 | 10,8 | 0,00 | 11,2 | 0,00 |
| Италия | 174,6 | 0,04 | | | 10,0 | 0,00 | | | | | 1.961,4 | 0,33 | 12,5 | 0,00 | 2.158,9 | 0,04 |
| Кайман аралдары | | | | | | | | | | | 503,7 | 0,09 | 378,3 | 0,04 | 882,1 | 0,02 |
| Канада | 6.303,2 | 1,44 | 95.856,8 | 11,07 | 80.916,7 | 12,24 | 205.391,1 | 30,84 | 445.501,1 | 52,46 | 132.978,2 | 22,51 | 152.542,5 | 15,36 | 1.119.620,2 | 22,11 |
| Кипр | 8.098,6 | 1,85 | 11.359,8 | 1,31 | 1.967,4 | 0,30 | 2.330,8 | 0,35 | 425,0 | 0,05 | 1.297,9 | 0,22 | 34.305,9 | 3,45 | 59.789,5 | 1,18 |

| | 2007 | | 2008 | | 2009 | | 2010 | | 2011 | | 2012 | | 2013 | | 2007-2013 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш |
| Китай | 29.090,3 | 6,66 | 57.530,8 | 6,64 | 51.467,7 | 7,79 | 70.752,1 | 10,62 | 149.602,2 | 17,62 | 141.171,6 | 23,90 | 454.535,0 | 45,76 | 954.222,9 | 18,85 |
| Корея Республикасы | 2.676,0 | 0,61 | 24.337,3 | 2,81 | 11.875,7 | 1,80 | 17.900,1 | 2,69 | 1.620,3 | 0,19 | 27.829,3 | 4,71 | 14.651,0 | 1,48 | 100.902,5 | 1,99 |
| Куба | | | 2,6 | 0,00 | | | 1,1 | 0,00 | | | | | | | 3,7 | 0,00 |
| Кувейт | 1.076,3 | 0,25 | 2.137,1 | 0,25 | 4.888,3 | 0,74 | 409,7 | 0,06 | | | 0,3 | 0,00 | 2,6 | 0,00 | 8.515,6 | 0,17 |
| Латвия | 6,1 | 0,00 | 3.782,4 | 0,44 | 4.518,9 | 0,68 | 3.996,7 | 0,60 | 6.350,8 | 0,75 | 5.068,5 | 0,86 | 6.527,8 | 0,66 | 30.254,5 | 0,60 |
| Ливан | | | 14,6 | 0,00 | | | | | | | | | | | 14,6 | 0,00 |
| Литва | 1.178,3 | 0,27 | 738,2 | 0,09 | 154,6 | 0,02 | 201,7 | 0,03 | 117,4 | 0,01 | 376,6 | 0,06 | 251,9 | 0,03 | 3.019,2 | 0,06 |
| Лихтенштейн | 23,6 | 0,01 | 17,7 | 0,00 | | | | | | | | | | | 41,3 | 0,00 |
| Люксембург | | | | | | | | | | | 2.004,1 | 0,34 | 5.079,4 | 0,51 | 7.083,8 | 0,14 |
| Марокко | 684,2 | 0,16 | 16,8 | 0,00 | 4.072,1 | 0,62 | | | | | 0,4 | 0,00 | 3,9 | 0,00 | 4.778,2 | 0,09 |
| Нидерланды | 64,9 | 0,01 | | | 6,9 | 0,00 | | | 5,4 | 0,00 | 1.146,4 | 0,19 | 9.499,8 | 0,96 | 10.723,6 | 0,21 |
| Норманд аралдары | 845,7 | 0,19 | | | | | | | | | | | | | 845,9 | 0,02 |
| БАЭ | 1.658,1 | 0,38 | 4.781,9 | 0,55 | 1.818,9 | 0,28 | 1.048,4 | 0,16 | 26.946,8 | 3,17 | 5.127,3 | 0,87 | 13.747,3 | 1,38 | 55.134,1 | 1,09 |
| Пакистан | 3.895,3 | 0,89 | 12.628,6 | 1,46 | 1.732,0 | 0,26 | 5.673,8 | 0,85 | 5.722,2 | 0,67 | 4.404,7 | 0,75 | 5.902,3 | 0,59 | 39.963,8 | 0,79 |
| Польша | 24,3 | 0,01 | 155,4 | 0,02 | 1.053,2 | 0,16 | 643,7 | 0,10 | 224,7 | 0,03 | 708,6 | 0,12 | 171,3 | 0,02 | 2.981,6 | 0,06 |
| Португалия | | | 178,1 | 0,02 | 502,3 | 0,08 | | | | | | | | | 680,5 | 0,01 |
| Македония Республикасы | | | 3,0 | 0,00 | | | | | | | | | | | 3,0 | 0,00 |
| Самоа | 1.453,0 | 0,33 | 1.265,9 | 0,15 | | | | | | | | | | | 2.719,4 | 0,05 |
| Сент-Китс | | | | | 27,0 | 0,00 | | | | | | | | | 27,0 | 0,00 |
| Сирия | | | 143,8 | 0,02 | | | 69,3 | 0,01 | | | | | | | 213,1 | 0,00 |
| Бириккен Штаттар | 13.029,7 | 2,98 | 6.286,3 | 0,73 | 23.148,5 | 3,50 | 11.861,1 | 1,78 | 12.104,8 | 1,43 | 5.527,0 | 0,94 | 8.236,6 | 0,83 | 80.205,4 | 1,58 |
| Сербия | 73,2 | 0,02 | 486,3 | 0,06 | 1.515,1 | 0,23 | | | | | | | | | 2.074,9 | 0,04 |

Уландысы кийинки бетте

| | 2007 | | 2008 | | 2009 | | 2010 | | 2011 | | 2012 | | 2013 | | 2007-2013 | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш | Келиш | Улуш |
| Сейшель аралдары | | | | | | | 38.923,7 | 5,84 | 3.023,4 | 0,36 | 26.498,7 | 4,49 | 3.085,4 | 0,31 | 71.541,9 | 1,41 |
| Турция | 16.557,7 | 3,79 | 12.761,7 | 1,47 | 37.776,2 | 5,72 | 8.109,4 | 1,22 | 5.380,3 | 0,63 | 22.347,1 | 3,78 | 18.421,9 | 1,85 | 121.370,9 | 2,40 |
| Франция | 36,4 | 0,01 | 71,3 | 0,01 | 8,5 | 0,00 | 44,8 | 0,01 | 45,8 | 0,01 | 68,7 | 0,01 | 14.043,9 | 1,41 | 14.319,4 | 0,28 |
| Черногория | | | | | 116,3 | 0,02 | | | | | | | | | 116,3 | 0,00 |
| Швеция | 1,2 | 0,00 | | | | | | | | | | | | | 1,2 | 0,00 |
| Швейцария | 465,7 | 0,11 | 108,0 | 0,01 | 57,3 | 0,01 | 101,8 | 0,02 | 26.397,6 | 3,11 | 21.243,1 | 3,60 | 12.496,2 | 1,26 | 60.876,5 | 1,20 |
| Япония | | | 12,6 | 0,00 | 0,5 | 0,00 | 592,2 | 0,09 | 188,2 | 0,02 | | | | | 793,6 | 0,02 |
| Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы | 7.829,0 | 1,79 | 8.242,3 | 0,95 | 875,0 | 0,13 | 1.427,8 | 0,21 | 3.301,5 | 0,39 | 1.812,5 | 0,31 | 2.526,2 | 0,25 | 26.018,1 | 0,51 |
| Жана башка эл аралык уюмдар | 18.032,8 | 4,13 | 39.280,7 | 4,53 | 9.196,4 | 1,39 | 43.890,3 | 6,59 | 7.100,9 | 0,84 | 3.775,9 | 0,64 | 5.280,8 | 0,53 | 126.575,9 | 2,50 |
| КМШ | 198.260,0 | 45,39 | 404.855,0 | 46,74 | 258.854,8 | 39,16 | 138.815,3 | 20,84 | 43.169,1 | 5,08 | 59.924,5 | 10,14 | 125.827,5 | 12,67 | 1.229.873,6 | 24,29 |
| Азербайжан | | | 0,1 | 0,00 | | | | | | | 124,9 | 0,02 | 17,1 | 0,00 | 142,1 | 0,00 |
| Армения | 3,0 | 0,00 | 40,7 | 0,00 | 69,1 | 0,01 | | | | | | | | | 112,8 | 0,00 |
| Беларусь | 861,6 | 0,20 | 3.358,2 | 0,39 | 749,5 | 0,11 | 68,9 | 0,01 | 5,5 | 0,00 | 167,9 | 0,03 | 15,3 | 0,00 | 5.227,6 | 0,10 |
| Грузия | | | 9,2 | 0,00 | | | | | | | | | | | 9,2 | 0,00 |
| Казакстан | 182.712,0 | 41,83 | 360.966,2 | 41,67 | 213.046,0 | 32,23 | 41.319,9 | 6,20 | 24.094,3 | 2,84 | 34.083,1 | 5,77 | 55.061,4 | 5,54 | 911.413,4 | 18,00 |
| Молдова Республикасы | | | | | | | | | | | 10,0 | 0,00 | 338,0 | 0,03 | 348,0 | 0,01 |
| Россия Федерациясы | 13.352,1 | 3,06 | 36.178,5 | 4,18 | 44.910,8 | 6,79 | 97.372,5 | 14,62 | 18.693,1 | 2,20 | 25.444,5 | 4,31 | 70.050,6 | 7,05 | 306.037,3 | 6,04 |
| Тажикстан | 271,9 | 0,06 | 539,9 | 0,06 | | | | | | | | | | | 811,9 | 0,02 |
| Түркмөнстан | 147,8 | 0,03 | | | | | | | | | | | | | 147,8 | 0,00 |
| Өзбекстан | 911,6 | 0,21 | 513,3 | 0,06 | 51,9 | 0,01 | 40,0 | 0,01 | | | 25,3 | 0,00 | 89,8 | 0,01 | 1.632,2 | 0,03 |
| Украина | | | 3.248,9 | 0,38 | 27,5 | 0,00 | 14,0 | 0,00 | 376,2 | 0,04 | 68,8 | 0,01 | 255,3 | 0,03 | 3.991,1 | 0,08 |

Апрель 2014 № 2 mineconom.kg
ИНФОРМАЦИОННЫЙ БЮЛЛЕТЕНЬ
Министерства экономики Кыргызской Республики
Выходит при технической поддержке Проекта USAID РЕФОРМА

# Обращение министра экономики Кыргызской Республики Темира Сариева



Уважаемые читатели!

Я рад приветствовать вас со страниц второго выпуска информационного бюллетеня министерства экономики. Наш первый выпуск был посвящен ознакомлению общественности с общими направлениями деятельности министерства по обеспечению устойчивого экономического роста экономики. Выпуск был встречен множеством комментариев разной степени одобрения и здоровой критики, что означает, что мы верно выбрали формат коммуникации.

Сегодняшний выпуск посвящен прямым иностранным инвестициям. Прямые иностранные инвестиции – это уникальный вид инвестиций, который способствует притоку новых технологических решений, повышению производительности труда и росту экспортных возможностей.

Привлечение прямых иностранных инвестиций в экономику республики является одним из приоритетных направлений экономической политики Правительства Кыргызской Республики. Министерством, как уполномоченным органом по ведению инвестиционной политики, предпринимаются меры по улучшению правовой среды и условий ведения бизнеса.

